**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын кезектүү №8 жыйынынын**

# ПРОТОКОЛУ

06.02.2024 ж.
**Төрага: м.и.к., доцент О.И.Курбанбаев**
**Катчы: Курманбек кызы А**
**Катышкандар:21.**

***Өтүлүүчү жай: ХДТ кафедрасы, 408-окуу каанасы***

**Күн тартиби:**

1. **Кафедранын 2-жарым жылынын иш пландарын, окуу пландарын, иш графигин жана күзөт графигин бекитүү.**
2. **Окутуучулар арасында тайпаларды бөлүштүрүү.**
3. **Кафедранын 2-жарым жылынын ачык сабактарынын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүп бекитүү.**
4. **Коррупциялык иш аракеттердин алдын алуу боюнча окутуучуларга түшүндүрмө берүү.**
5. **Ар түрдүү маселелер.**
   1. *Бишкек шаарында студенттер арасында болуп өтүүчү олимпиадага даярдыктар жөнүндө.*

1. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** кафедранын 2-жарым жылынын иш пландарын, окуу пландарын , иш графигин жана күзөт графиктерин талкуулап бекитүү керектигин жана ар бир окутуучу келишимде түзүлгөндөй, күзөт графигинде бекитилгендей кафедрада кызматтык милдетин аткаруусун талап кылды. Ошондой эле кафедранын ОМК боюнча жооптуусу Курманалиев Нурлан Камбаралыевич факультеттин ички текшерүүсүндө аныкталган кемчиликтердин үстүндө иштөөнү эскертти. Отурумдун мүчөлөрү ортого коюлган меселени талкуулап төмөндөй чечим кылат.

2. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И. Курбанбаев** ар бир куратор өзүнө бөлүнгөн тайпалар тыгыз байланышта иш алып барууларын белгиледи. Кафедранын ага куратору **Кыдыралиев Улар Аванович** кураторлук сааттарды расписания боюнча өтүп, кураторлук сааттарга фотоотчет жиберүүлөрүн айтты. Отурумдун мүчөлөрү ага кураторду угуп талкуулашып төмөндөгүдөй чечим кылат.

3. **Угулду:** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И.Курбанбаев** кафедранын 2-жарым жылынын ачык сабактарынын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүп бекитүү керектигин айтып сөздү ОМК боюнча жооптуусунун жардамчысы

Сканировано с CamScanner

Гаипова Акпери Абдибаитовнага сөз берди. Гаипова А.А. 2-жарым жылдыкта өтүлүүчү ачык сабактардын грифи менен тааныштырды. Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып төмөндөгүдөй чечим кылат.

4. **Угулду.** Отурумдун төрагасы, **м.и.к. доцент О.И. Курбанбаев** урматтуу коллегалар ар жылы 9-декабрда коррупцияга каршы күрөшүүнүн эл аралык күнү белгиленет. Глобалдашуу доорунда коррупцияга каршы күрөшүүнүн мааниси барган сайын артууда. Университетибиздин, кафедрабыздын адилеттүү жана бакубат келечеги үчүн коррупция менен натыйжалуу күрөшүү – негизги милдеттерибиздин бири. Ошондой эле кафедранын окутуучуларын эмгек тартибин сактоосун айтты, анда жумушка өз убагында келип, сабактарды үзгүлтүкө учуратпай өтүп, окутуучулар өзүнө тийешелүү предметтеринен документ иштерине так болуусуна жана кафедранын уюштуруу иштерине активдүү катышуусуна чакырды. Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып төмөнкүдөй чечим кылат.

5. **Ар түрдүү маселелер боюнча м.и.к. доцент О.И. Курбанбаев** 16-март күнү университеттер арасында Бишкек шаарында хирургия предмети боюнча студенттер арасында олимпиада болот. Ал жерде студенттер ОшМУнун, факультеттин, кафедрабыздын жүзүн коргошот, ошондуктан студенттерге теория, практика жактан жакшы даярдообуз керек. Олимпиадага зээндүү студенттерден команда түзүп алдык, ошол студенттерди ар бир окутуучу өзүнө тиешелүү тема боюнча даярдоосу зарыл. Биз окутуучуларга темаларды бөлүп, графигин түзүп койдук, график менен таанышып график боюнча студенттерди даярдап бериңиздер. Отурумдун мүчөлөрү маселени талкуулашып төмөнкүдөй чечим кылат.

**ЧЕЧИМ:**

1. ***Кафедранын 2-жарым жылынын иш пландарын, окуу пландарын, иш графигин жана күзөт графиги түзүлүп бекитилсин.***

2. ***Окутуучулар арасындагы тайпалар бөлүштүрүлсүн, тайпаларды бөлүштүрүү ага куратор Кыдыралиев Улар Авановичке милдеттендирилсин.***

3. ***Кафедранын 2-жарым жылынын ачык сабактарынын жана өз ара сабактарга катышуунун графигин түзүлүп бекитилсин, кафедранын өз ара сабактарга катышууну уюштуруу иштери ОМК боюнча жооптуу Курманалиев Нурлан Камбаралыевичке милдеттендирилсин.***

4. ***Коррупциялык иш аракеттердин алдын алуу иштери күчөтүлсүн, коррупцияга барбоо, эмгек тартибин сактоо кафедранын ар бир окутуучусуна милдеттендирилсин.***

5. ***Студенттерди олимпиадага график боюнча даярдоо жооптууларга милдеттендирилсин.***

***Кафедра башчы, м.и.к., доцент:*** ***О.И.Курбанбаев***

***Катчы:*** ***Курманбек кызы А.***

Сканировано с CamScanner